***№ 31 Ынтымак жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-2022- окуу жылына окутуу жана тарбиялоо боюнча маалымат***

2021-2022-окуу жылында № 31 Ынтымак жалпы орто билим берүү мектеп билим берүү мыйзамына, Билим берүү тармагында иштеп жаткан Улуттук программаларга жана мектептин Уставынын негизине ылайык иштеди. Окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу планынын милдеттерине жараша кезектеги мониторинг жана мектептин ишмердүүлүгүнүн жыйынтык баасы төмөнкү аспектерге негизделген:

**1. Окуу планын аткаруу;**
**2.Окуучулардын жетишкендиктери (Окуучулар ээ болгон көндүмдөр);**
**3.Үйрөтүү, тарбия берүү, окутуу;**
**4.Мектептеги климат жана ички эрежелер;**
**5.Ресурстар;**
**6.ОТЖПны башкаруу жана ишке ашыруу;**

Окуучуларды окуу – тарбиялоо процессинде таанып билүү активдүүлүгүн калыптандыруу проблемасынын негизинде мектептин максаты ар бир окуучунун табигый мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, прогрессивдүү технологияларды жайылтуу болуп саналат. Мектепте 157\63 окуучу окуду. Аларга 18 мугалим үзүрлүү эмгектенип өз билимдерин беришүүдө. Мектепте өз ишин берилип сүйгөн, кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун үстүндө дайыма иштеп, чыгармачылык менен изденип, жаңыча ойлонгон креативдүү мугалимдерибиз бар.

**1. ОКУУ ПЛАНЫН АТКАРУУ**

2021-2022-окуу жылы № 31 Ынтымак жалпы орто билим берүү мектеби Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин 2021-жылдын ________________№ ________базистик окуу планы боюнча окутулду. Мектепте 11-класс бекитилген. Бардык 11 класс кыргыз тилинде окутулат.

| Класстар | Бардыгы | Кыргыз тилинде |
|---|---|---|
| **1-4** | **65\25** | **65\25** |
| **5-9** | **69\26** | **69\26** |
| **10-11** | **23\12** | **23\12** |
| **1-11** | **157\63** | **157\63** |

Бардык предметтерден окуу палынын негизинде предметтик мугалимдер тарабынан календардык –тематикалык пландар пландалды. Башталгыч класстардын мугалимдери жана 5-6 класстардын окуучулары жаңы мамлекеттик стандарттын негизинде сабактарын өтүштү. Окуучулар мектеп базасында билим алууга ийримдерге катышууга мүмкүнчүлүгү бар.

2021-2022—окуу жылынын эң негизги милдеттеринин бири – “Сапаттуу билим” программасынын негизинде “Билим берүүнүн стандартын ” ишке ашырууда, окутуунун жана тарбиялоонун интерактивдүү методдорун сабактарда колдонуу, “Окуу керемет ” долбоорунун алкагында окутуунун жаңы технологияларын колдонуу менен бардык сабактардан билим сапатын жогорулатуунун үстүндө иштешүүдө. 5-9 – класстарда мамлекеттик стандарт боюнча окуу программасы түзүлүп анын үстүндө иштешүүдө.

## 2. Окуучулардын жетишкендиктери (Окуучулар ээ болгон көндүмдөр)


2021-2022-окуу жылынын биринчи жарымында мектепте 157 окуучу окуп, алардын ичинен 13 отличник 37 ударник болду. Отличниктер: 3-класста 3 окуучу , 4-класста 2 окуучу, 5-класстан 3 окуучу, 7-класста 1 окуучу, 8-класста 1-окуучу, 9-классата 1 окуучу, 11-класста 1 окуучу отличник. Мугалимдердин календардык планы жана күндөлүк планы мамлекеттик стандарт менен түзүлгөн, ал эми окуу китептери буга жакшы дал келбегендиги белгиленет. Жалпы билим сапаты 36 % . Биринчи чейрекке салыштырмалуу 2% өсүү болгон. Мектепте жаңы окуу жылында билим сапатын көтөрүүгө өзгөчө көңүл буруп, окуучулардын билимин реалдуу баалоо боюнча педагогикалык кеңештин чечиминин негизинде мугалимдерге талапты жакшы коюп, аракеттенип иштеп, билим сапатын окуу жылынын акырына чейин жогорулатуунун үстүндө талыкпай жигердүү иштемекчи.

Тарбия иштери боюнча да жакшы аракеттер болду. 11-класстын окуучусу “Жоокер ыры” деген патриоттук ырлар конкурсуна катышып райондон1-орунга, облустан “Ардак грамота”га ээ болду. Андан сырткары 9-класстын окуучулары ЮИД боюнча конкурска катышып аймак аралык конкурста 1-орунга ээ болушса, райондук конкурста 2-орунга ээ болушкан. 9-классты эки окуучу кызыл аттестат менен аяктады.


### №31 Ынтымак жалпы орто билим берүү мектебинин билим сапаты боюнча 3 жылдык көрсөткүчү.

**(2019-2022-окуу жылдары боюнча)**

| 2019-2020-окуу жылы | 2020-2021-окуу жылы | 2021-2022-окуу жылы |
|---|---|---|
| 41% | 33% | 36% |




| класстар | отличниктер | ударниктер |
|---|---|---|
| 1-4 | 10,8% | 34,7% |
| 5-9 | 10% | 30% |
| 10-11 | 3% | 24% |




3. **Үйрөтүү тарбия берүү жана окутуу**

2021-2022-окуу жылы 15-сентябрь менен башталды. Жыл ичинде 20 мугалим эмгектенди анын 3 мугалим декреттик өргүүдө болду. Пенсияда эки мугалим бар. Жогорку мугалим 12 мугалим. Атайын орто 3 мугалим. Бакалавр даражасында – 4 мугалим. Мамлекеттик стандарттын негизинде окутуунун интерактивдүү ыкмаларын сабактарда колдонуу, ОТКны сабакта колдонуу менен иш алып барышат. Ар бир сабакта мамалеткеттик стандартка ылайык сабак өтүлуп жатты.
Быйылкы жыл менен башталгыч классы “Окуу керемет долбоору менен иштеп келет” Бир жылдын ичинде эле долбоор боюнча ар бир башталгыч классынын мугалимдери четтен келген комиссиянын катышуусунда 3 сабактан ачык сабактарын мыкты денгээлде өтүп сертификатка ээ болушту. Англис тили мугалими
Кубатбекова Айгуль Бектурсуновна Жыл башынан бери өзүнүн каржылоосу менен “STEM” программасынын негизинде конкурска катышып, үч баскычтан ийгиликтүү өтүп грамотага ээ болушту. Андан сырткары Айгуль Бектурсуновна “Санарип мугалим” конкурсуна катышып, Бишкек шаарынан санарип мугалим грамотасына жана медаль менен сыйланган.
Кыргыз тили мугалими Джумабекова Элвира Ибраевна “Манас таануу” конкурсуна окуучуларды даярдапа жогорку балл алып Диплом менен сыйланган.
Турсунова Назира Султангазиевна “Мин кыял” ийриминин негизинде Тюп райондук билим берүү бөлүмү тарабынан уюштурулган “Жоокер ыры” кароо сынагына окуучуларды даярдап, 11-класстын окуучусу Акунов Азим жеңүүчү боолуп оообластка чейин барып грамота жана баалуу белектер менен сыйланган.
Шаршебаев Санжар Сергеевич математика сабагынан 5-класстын окуучусу Амантаева Айнек“Билимкана” олимпиадасына катышып райондук сынактан өтүп, областык сынакка катышып утушка ээ болуп, республикалык сынакка катышып келген.
Джумабекова Элвира Ибраевна Кыргыз тили сабагынан “Билимкана” олимпиадасына катышып райондук сынактан өтүп, областык сынакка катышып утушка ээ болуп, республикалык сынакка катышып келген.
Дюшембиева Айнура Нургазыевна Россия Федерациясындагы Московский Гуманитарный Университет тарабынан уюштурулган “Школа без границ” аттуу конкурска онлайн катышып мугалим сертификаат жана окуучусу Туратбекова Аделя грамота менен сыйланган. Андан сырткары Мугалим РФ сынын уч жолку биллимин өркүндөтүү курстарына катышып сертификат алган.

“Сапат” турк лицейинин кабыл сынагында 6-класстан 5 окуучу катышып биринчи турдан отуп экинчи турга катышышкан. Ал эми лицейге Ыдырысов Кутман жолдонмо алган.

2022-жылдын март айында айыл өкмөт башчысы Токтосун Темирбекович келип атайын тарых сабагы боюнча даярдалган Кашкороева Гульмира Байышовнанын сабагына катышып окуучуларга китеп жана ар кандай баалуу белектерди берип кеткен.

**Мектептин жогорку класс жана башталгыч класс беш күндүк окуу менен окутулат. Мектепте үч Усулдук бирикме иштейт.**

| Усулдук бирикменин аталышы | Жетекчиси | Усулдук бирикменин мугалимдери |
|---|---|---|
| 1. Тил-чеберчилик багыты гуманитардык багыттагы Усулдук бирикмеси | Джумабекова Эльвира Ибраевна | 7 |
| 2.Табигый – математикалык Усулдук бирикме | Имангазиева Асель Чинарбековна | 5 |
| 3.Башталгыч класстардын Усулдук бирикмеси | Акунова Динара Бекбоевна | 6 |

Ар бир предметтик мугалим таланттуу балдар менен иш алып барат жана керектүү документтерин толтуруп турушат. Предметтик мугалимдер өздөрү тандаган талаттуу балдар менен терең иштеп олимпиадага даярдап келишет. Таланттуу жана жөндөмдүү балдар менен жекече иш алып барууну да күчөтүү керек. Ар бир предметтик мугалимдер жана класс жетекчилер аяр балдар менен иш алып барышат. Мектеп ичинде эң көйгөйлүү окуучулардын каллиграфиясынын үстүндо иштеп келишет. Атайын таза жазуу дептерлерин ачып кол жазмасын ондоонун үстүндө иштешет. Мындан ары да окуучулардын кол жазмасын жакшыртууда кошумча тапшырмаларды берип иштөөдө. Окуучулардын окуп түшүнүүсүнө жана окуу техникасына да көңүл бөлүп келишет жана көп иш аракеттерди жасап келишет.

б) № 1 башталгыч класстардын метод бирикмесинин декадасынын жыйынтыгы чыгарылды. Жыйынтыгында башталгыч класстардын декадасынын жыйынтыгы куррикулум окутуунун жаңы методикасы, ыкмасы менен өтүлүп, жакшы деп табылды. Негизинен 1-4-класстар окуучуларына сабак берүүдө төмөнку талаптар коюлду.М: Коллеграфиянын үстүндө иштөө, түшунуп окуусун калыптандыруу, ж.б. мугалимдерге эскертуулөр берилди.

Директор алдындагы кеңеш:

Планда белгиленгендей 2021-2022 – окуу жылында 10 кеңеш бекитилген 1-жарым жылдыкта 5 директор алдындагы кеңещш өтүлдү. 1-директор алдындагы кенеш 30-август айында өттү. Күн тартибинде 5 маселе каралды. Мектепти жаны окуу жылына карата даярдыгынын абалы. Август учетун жүргүзүү. Мугалимдерди жана техникалык персоналдарды медкароодон өткөрүү. Педагогикалык кадрлардын курамын толуктоо., окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү. Окуу китептери, окуу методикалык адабияттарды жана программалар менен камсыздоо.

2-директор алдындагы кенеш болуп 5 маселе каралды.

23-сентябрь кыргыз тили күнүнө карата 5- 11-класстарда кыргыз тилинин берилиши. Административдик текшерүү, кыргыз тили боюнча окуучулардын билим сапаты, мугалимдин ишмердүүлүгү, жыйынтыгы.

Өрт коопсуздук эрежелерин окуучуларга жана мугалимдерге жеткирүү.

Мектептин ички иш кагаздарын бекитүү. 2021-2022-окуу жылына карата мектептин ички аттестациядан өткөрүү жана курстан өтүүчү мугалимдерди тактоо жана аныктоо.

3- директор алдындагы кенеш. 11.10.2021 болуп күн тартибиндеги 4 маселе каралды.

а) биология, химия, география сабактарынын берилиши, административдик текшерүү, окуучулардын билим сапаты, мугалимдердин ишмердүүлүгү.

б) Мектеп парламенти өзүн-өзү башкаруу айлыгы.

в) Предметтик ийримдердин уюшулуш денгээли жана алып баруусу.

г) мектептин кышкы от жагуу сезонуна даярдыгы.

4- директор алдындагы кенеш:20.11.2021 болуп кун тартибинде 4 маселе каралды.

а) Билим башаты – башталгыч класс сабактардын берилиши, административдик текшерүү, билм сапаты, окуу техникасы, мугалимдердин ишмердүүлук жыйынтыгы.

Б) мектептин ички предметтик олимпиаданын жыйынтыгы.

в) 5-8-класстарпдын класс жетекчилеринин иш алып баруусу тарбиялык сабактардын өтүлүшү, окуучулардын күндөлүктөрүнүн абалы.

г)1-чейректин жыйынтыгы.

5- директор алдындагы кенеш 21.12.21 болуп күн тартибиндеги 4 маселе каралды.

а) математика, физика, информатикасабактарынын берилиши, административдик текшерүү, окуучулардын билим сапаты, мугалимдердин ишмердүүлүгү, айланма дептерлердин абалы, жыйынтыгы.

в) райондук предметтик олисмпиаданын жүргүзлүшү.

г) окуучулардын окууга катышуусу, сабактан калган жана кечиккен окуучулар менен иш алып баруу каралды.

**5. Ресурстар**

**Мектептин материалдык базасын чыңдоо.**

2021-2022-окуу жылына карата мектеп ОТЖП да көрсөтүлгөндөй ата-энелер, коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо үчүн эң негизгиси мектепке шарт түзүү, материалдык базасын чыңдоо болуп эсептелет.

Ар бир классты жайкы ремонттон жакшы өткөрүү, жасалгалоо, мектеп айланасын жашылдандыруу, гүлдөтүү, спорттук аянтчаларга көзөмөл кылуу, окуу китептери менен

камсыз кылуу, 1-4 - класстарга тамактануу үчүн ашкананы инвентарлары менен камсыз кылуу, класс – кабинеттерди заманбап технология жабдыктары менен жабдуу жана жасалгалоо, окуучулардын мектеп ичинде район аралык маданий массалык кароо-конкурстаргакатышуу үчүн жана ага даярданууга, өткөрүп туруу үчүн аппаратура, улуттук кийим кече менен камсыз кылуу болуп эсептелет. Мына ушундай иштерди ашыруу үчүн жана 2021-сентябрь айынан декабрь айына чейин мектептин материалдык базасын чыңдоо жана жалгны айыл өкмөтүбүз дотацияда отурганына карабай жардам берилди. Мектептин жылытуу системасына быйыл жаны 24 электрожылытуучу батарейлерди алып келип ишке берилген. Ошондой эле айыл өкмөтүн карап отура бербестен коомчулук менен демөөчүлөрдү издеп таап иштөөгө туура келет. Андыктан КР. Билим берүү жана илим министрлиги 2013-жылдын 17- сентябрь№ 609\1 буйругунун негизинде 30.09.13 "№ 31 Ынтымак жалпы орто билим берүү мектебинин алдындагы Камкордук көрүүчү Кеңеш" түзүлгөн. Кеңештин курапмы 5 адамдан бекитилген. Бул уюшулган кеңеш өз ишин жүргүзүп жатат. Алдыда дагы аткара турган иш – пландар бар, ал үчүн демөөрчүлөрдү, инвесторлорду издөө жана тартуу. Мектебибиздин эскилиги, кичинекейлиги, толук шарттын жоктугу, заман талабына жооп бербегендиктен, жыл сайын окуучулардын санынын өсүүсүнө байланыштуу жаңы мектеп, спорт зал салуунун жолдорун издеп, иш-кагаздарды даярдап аракет кылуудабыз. Андан сырткары "Келечекке билим" долбоору менен акын арада биздин мектепке 2 класс бала бакча болуп реконструкцияланат. Буюрса 3 сааттык бала бакчанын бардык заманбап каражаттары менен реконструкциялааналарын кутүп жатабыз. Негизи долбоор өткөн азыркы учурда тендер ойнотулуп жатат.

**6. ОТЖПны башкаруу жана ишке ашыруу.**

Ушул окуу жылында башкаруу системасынын реформациясы жүргүзүлдү. Жылдын башында 7 адамдан мектептин командасы түзүлдү. (МК): Мектептин директору, 1 окуу бөлүм башчысы, 3 усулдук бирикмелер башчылары, 1 камкордук кеңештин өкүлү, 1 мектеп парламентинин өкүлү. Мектептин командасы директордун буйругу менен бекитилди жана өзүнүн милдеттерин аткарууга киришти. Жылдын башында МК пландаштыруу боюнча бир канча иш-чараларды өткөрдү. ( методикалык кеңеш, класстар боюнча окуучулар чогулуштарын, директор алдындагы чогулуш).

Ушундай жумуштун натыйжасында педагогикалык кеңеште окутууну жакшыртуунун планы, 2021-2022- окуу жылына максаттары жана милдеттери бекитилди. Андан кийин жылдын ичинде мектеп командасы мониторинг менен алек болуп, жылдын аягында өзүн – өзу баалоону өткөрдү, анфын негизинде ушул отчет даярдалды. Негизги окуу формалары: ОШ-1, жетишүү матрицасы, мектептин отчеттук картасы талданды. Жыйынтыгында мектептин ишмердүүлүгүндөгү күчтүү жана алсыз жактары, көйгөйлөрү аныкталды, аларды чечүү боюнча ата-энелердин, окуучулардын, мугалимдердин пикирлери угулду.

**№31 Ынтымак жалпы орто билим берүү мектебинин бүтүрүүчүлөрүнүн ЖРТ боюнча 3 жылдык салыштыруу мониторинги.**

**(2018-2021-окуу жылдары боюнча)**

| ***Акыркы үч жылдагы көрсөткүчтөрү*** | *2018/2019-окуу жылы* | *2019/2020-окуу жылы* | *2021/2022-окуу жылы* |
|---|---|---|---|
| ЖРТ катышуучулары | 100% | 100% | 100% |
| ЖРТ да эн жогорку баллды көрсөткөн бүтүрүүчүүлөр | 133<br>Турсунова Алтынай | 130<br>Смагулова Мээрим | 151<br>Жайлобаева Милана |
| ЖРТ да 110 баллдан жогору алган бүтүрүүчүүлөрдүн пайызы | 10% | 54% | 36,3% |

2018-2019-окуу жылын 10 окуучу аяктап, анын баардыгы толугу менен катышкан. Негизги тесттен жогорку балл 133 болду. 110 баллдан жогору 10%ды, түздү.
2019-2020-окуу жылын 12 окуучу аяктап, 11 окуучу катышкан. Негизги тесттен жогорку балл 130 болду. 110 баллдан жогору 54%ды, ал эми 110 баллдан төмөн 46% түздү
2021-2022-окуу жылын 11 окуучу аяктап, 11 окуучу катышкан. Негизги тесттен жогорку балл 151 болду. 110 баллдан жогору 36,3%ды, ал эми 110 баллдан төмөн 63,7% түздү

**№31 Ынтымак орто мектебинин 7-11-класстарынын арасындагы предметтик олимпиада боюнча 3 жылдык салыштыруу мониторинги.**

**(2017-2020-окуу жылдары боюнча)**

| № | | *2018/2019 – окуужылы* | *2019/2020-окуу жылы* | *2021/2022-окуу жылы* |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 11-класс<br>Турсунова Алтынай Джумабекова<br>2-орун | 11-класс<br>Калыбекова Бермет Джумабекова<br>2-орун | - |
| 2 | Чет тили | 10-класс<br>Турсунов Алтынбек. Кубатбекова А.Б.<br>3-орун | 11-класс<br>Турсунов Алтынбек. Кубатбекова А.Б.<br>1-орун | - |
| 3 | Орус тили | 8-класс<br>Жунушев Н.<br>Муг Дюшембиева А.Н. | - | |

| № | **Областык олимпиада** | 2020-2021 |
|---|---|---|
| **1** | Кыргыз тии жана адабияты<br>Джумабекова Э.И. | - |

**4. Мектептеги климат жана ички эрежелер.**

Мектептин педагогикалык, окуучулар, ата-энелер жааматтары мектептин этникалык кодексин сакташат. Бири-бирин сыйлоо, көйгөйлөрдү конструктивдүү чечүүнүн негизи, конфликтүү учурлар (мушташуулар, эмеректи бузуу, ууруларга, балдарга орой мамиле кылуу ж.б.у.с.) биргиликтүү конфликттер боюнча комиссия менен чечилет. Ар бир класста медиаторлор шайланган. Айыл ичинде “Чернобль” АЭС жардыруусунда катышкан баатыр аталарыбыз Чаадаев Жамкан, Орозбаев Тынычтык аталар менен 23-февралда жана башка иш чараларды чакырып өздөрүнүн патриоттук маанидеги тарбия сөздөрүн айтып, баарлашып келишет.

Мектеп март айынан бери Мамлекетте болуп жаткан пандемияга COVID-19 оорусуна байланыштуу алгоритмди сактап, антисептик жана башка керектелүүчү каражаттар менен камсыз боолуп келишти.

Ушул жылы ата-эгнелерди мектепке тартуу максатында “Ата-энелер университети” программасынын планы түзүлуп, ошол план боюнча иш алып барылды. Ата-энелер мектепке келип сабактарга катышып, мектеп менен байланыш жакшы жагына өзгөрду. Өзгөчө карантин учурунда ата-энелер балдарын уюлдук телефон аркылуу окутууга мажбур болушту, ошол учурда ата-энелердин жардамы абдан керек болду. Ата-энелерге түзүлгөн план боюнча мектепке чакырып мугалимдер тарабынан, ата-энелер тарабынан сабактар өтүлуп турду.